Ош облустук коомдук-саясий гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№6-7 [16965] ИШЕМБИ, 22/03/2025

## Кыргызстан менен Тажикстан чек арасы чечилди



3-бетте

## 103 жаштагы Базан чоң эне



7-бетте

## Калктын камын көргөн жетекчи



4-бетте

## ӨЗГӨНДҮН КАШКА-ТЕРЕК АЙЫЛЫНДА 225 ОРУНДУУ ЖАҢЫ МЕКТЕП АЧЫЛДЫ



2-бетте

## Нумизматикалык монеталар - кыргыз элинин тарыхын, үрп-адатын жана каада-салтын жайылтуу жана унутта калтырбоо ыкмасы



6-бетте

## Өлкөмдүн келечеги үчүн кайдыгер эмесмин



12-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
Т.Абдыразаков

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 292**
**Нускасы: 1900**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Чек араң бек болсо, уйкуң тынч болот!



Бул мисалды акылман ата-бабаларыбыз тээ илгертеден айтып келишкен. Чек ара деген түшүнүк өлкөбүздүн коопсуздугу гана эмес, эгемендиги, кол тийбестиги экендигинин далили. Дүйнөдө чек ара үчүн кырчылдашкан кармаштар жүрүп, колдон колго өткөн аймактар далай тагдырларды өзгөртүп жүрүп олтурду, адамзаттын узун тарыхында. Ал кармаштардын басымдуу бөлүгү – жер жана суу ресурстары үчүн болуп келди. Суусу жок аймактар суусу мол, кен байлыктары көп аймактарга тынымсыз согуш ачып турушкан.

Жогорудагы мисалдар дал бүгүнкү 21-кылымдын ортосуна чейинки мезгилге чейин уланып келүүдө. Анын үстүнө климаттын кескин өзгөрүшү суу тартыштыгы адамзаттын планетада улам саны көбөйүп жатканы дагы жашоо үчүн болгон күрөштү курчутуп отурат. Биздин эле Борбордук Азияда аяк-биягы 100 млн.го жакын калк отурукташкан. Өлкөлөрдүн арасынан эң чаканы Кыргызстан болуп саналат. Жаратылыш ресурстарынын ичинен тегиз жери аз 95 пайызын тооташтар ээлеп турат. Мындай шартта, суу башы болгонубуз менен тегиз жерибиздин аздыгы бизди көп кыйынчылыктарга туш кылууда.

Өлкөнүн эң түштүгүндө жайгашкан Баткен чөлкөмү географиялык жактан өзгөчө регион. Суунун запасы өтө чектелген, айыл чарбасына ыңгайлуу жердин көбү тоо-таштын арасына кысылып жайгашкан. Мына ошондуктан, ал региондун чек арасы дагы өтө татаал. Союз ыдырагандан тартып күчөгөн ички жана сырткы миграция чек араларды өтө чиелентип таштаган. Чек арада жайгашкан айылдардын эли базары жакын, жашоого ыңгайлуу жактарга көчүп кетишип, ордуна коңшу тажикстандыктар көчүп келип, сатып ала башташкан. Бул процесс жүрүп олтуруп, чек араларды шахматтык абалга алып келип койгон. Мына ошентип олтуруп, 30 жылдын ичинде Баткен чек арасында бүгүнкү татаал абал келип чыкты.

Буга чейин башкарып келген өлкө башчылары өздөрү олтурган креслосун гана бекемдеп, чек ара менен деле иши болбой келген. Бүгүнкү бийлик башындагылар мамлекеттик чек араны биротоло чечмейинче, чек ара жаңжалы ырбай бере турганын билип, акыркы эки жылдан бери бул маселени бир жаңсыл чеченкенге өзгөчө көңүл бурушту. Бул эки жыл аралыгында чек ара чийинин аныктоо талаштуу аймактарды чечүү жана зарылчылыкка ылайык аймактарды алмашуу жолуна да барышты. Өлкө президенти Садыр Жапаров менен УКМКнын Чек ара кызматынын башчысы, генерал-полковник Камчыбек Ташиев мырзалардын албан аракеттеринин аркасында Баткен чөлкөмүндөгү чек ара көйгөйү оң жагына чечилип олтурат.

30 жылдан ашык убакыттан бери чиеленишип биротоло тамырына тамыры оролошуп калган чек ара көйгөйлөрүн тактоо жана сактоо дагы өтө кыйынга турду. Эки өлкөнүн аймагында чек араны тактоо боюнча түзүлгөн комиссиялардын жогорку деңгээлдеги сүйлөшүүлөрү, отурумдары байма-бай өткөрүлүп келди жана алар баш көтөрбөй иштеп турушту. Акылман элибиз: "ач кулактан тынч кулак", - дегендей тынччылыкты токчулуктан өйдө коюп: "ачка отурсаң да, тынч отурганга жетпейт", - деген маанини айтып келген.

Мына эми акыры ортоk мунаса табылып, чек ара бир жаңсыл чечилип отурат. Кылымдардан бери коңшу жашап келаткан эки элдин бири-бирине келиши жөнгө салынганы чоң жеңиш болду. Эми жылда жаз келгенде башталчу "кетмен согушу", "таш согушу" деген жаңжалдар кудай буйруса биротоло токтоду. Убактылуу жабылган чек аралар ачылып, эки эл бири-бирине кучак жайып, бир туугандарча жүздөштү. Тажик Республикасынын президенти Эмомали Рахмон мырза борборубуз Бишкекке официалдуу визит менен келди. Анын учагы Манас Эл аралык аба майданында шаан-шөкөт менен тосулуп алынды.

Эки өлкөнүн президенттери мындан ары жакшы коңшулук алакаларды бекемдөөгө негиз болуучу маанилүү бир топ келишимдерге кол коюшту. Ошентип кудай буйруса мындан ары жергебизде, чек араларыбызда тынчтык өкүм сүрүп, ал жерлерде турмуш кечирген эки элдин өкүлдөрү бир туугандарча камыр-жумур катташып, түбөлүк достук алакасын жаңы нукта бекемдей берет деген илгери үмүттөбүз. Ылайым ошондой болсун!

***Бүажар Калматова,***
***Ардагер журналист.***

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ДАРЫГЕРЛЕР ТОБУНУН ЖАҢЫ ИМАРАТЫ АЧЫЛДЫ

Араван районуна караштуу Достук айыл аймагында жайгашкан Араван райондук жалпы дарыгердик практикалык борборунун №2 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жаңы имараты пайдаланууга берилди. Иш-чарага Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев, АРИС уюмунун өкүлү жана медицина кызмат-керлери катышты.



Медициналык мекеменин жаңы имаратынын курулуш иштери өткөн жылы башталып, бүгүнкү күндө бардык заманбап шарты менен курулуп бүткөрүлгөн. Ал үчүн АРИС тарабынан 12 млн. сом жана Достук айыл өкмөтү тарабынан 1 млн. 800 миң сом бөлүнгөн. Имараттын ички шарттары менен облус жетекчиси таанышып чыгып, дарыгерлердин ишине ийгилик каалап, калкка сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүгө чакырды. Белгилей кетсек, №2 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу жалпы 20 231 жаранды тейлейт.

# ЖАҢЫ МЕКТЕП - ЖЕТКИНЧЕКТЕРГЕ



Өзгөн районунун Баш-Дөбө айыл аймагына караштуу Кашка-Терек айылында 225 орундуу жаңы мектеп спорт залы менен кошо пайдаланууга берилди. Билим уясынын ачылыш аземине Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу, ЖКнын депутаттары, Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев жана жергиликтүү тургундар катышты.

Салтанаттуу ачылыш аземдин жүрүшүндө спикер менен Ош облусунун жетекчиси жергиликтүү тургундарды жаңы мектептүү болушу менен куттуктап, кызыл тасмасы кесилди. Ошондой эле төрага жаңы мектептин ачылышына компютер жабдыктарын тапшырды. Ал эми жергиликтүү биликтин атынан 300 миң сом ыйгарылды.

Билим ордосу эки кабаттуу спорт залы менен кошо салынып, ичинде бардык заман талабына жооп берген шарттар түзүлгөн. Белгилей кетсек, мектептин курулушу 2023-жылы башталып, бүгүнкү күндө курулуш иштери толугу менен аяктаган. Имараттын жалпы сметалык баасы 114 млн сомго жакын.

# ЧЕК АРА ЧЕЧИЛДИ

**Жогорку Кеңеш 19-мартта кыргыз-тажик чек арасы боюнча келишимди үч окууда жактырып, чек ара маселеси расмий түрдө чечилди. Жалпы жыйында сөз сүйлөгөн УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев бул келишимди тарыхый жетишкендик деп атап, эми ал эки өлкөнүн ортосунда ынтымакты бекемдөөгө негиз болоорун белгиледи. Тажикстан парламенти да 18-мартта келишимди ратификациялап, чек араны тактоо жараянын колдоого алды. Ал эми Эл аралык уюмдар жана бир катар мамлекеттер эки өлкөнүн бул макулдашууларын колдоого алышып, чек ара маселелерин сүйлөшүү жолу менен чечүүнүн үлгүсү катары баалашты. Муну менен эки өлкө ортосундагы чыңалуу басаңдап, чек арадагы өткөрмө бекеттер, авиакаттамдар кайра ачылды.**



## Чек ара келишими ратификацияланды

2025-жылдын 19-мартында Жогорку Кеңештин жыйынында депутаттар кыргыз-тажик чек арасы боюнча келишимди ратификациялоо жөнүндө мыйзам долбоорун үч окууда жактырды. Добуш берүүгө катышкан 85 депутаттан бирөө каршы болуп, калганы баары макул деген добуш беришти.

Башкача айтканда, кыргыз-тажик чек арасына байланыштуу үч мыйзам долбоору каралып, кабыл алынды. Алар: Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы кыргыз-тажик чек арасы жөнүндө келишимди ратификациялоо, Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы автомобил жолдорун куруу жана пайдалануу, автомобиль жолдорунун кесилишин жабдуу жана пайдалануу жөнүндө макулдашууну ратификациялоо жана Кыргызстан менен Тажикстандын өкмөттөрүнүн ортосундагы суу чарба жана энергетика объектилерине жеткиликтүү камсыз кылуу боюнча макулдашуунун ратификациялоо тууралуу мыйзамдар болчу.

Ушул эле күнү жалпы жыйынга чыгаардын алдында, Жогорку Кеңештеги комитеттердин биргелешкен жыйыны өтүп, анда Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасы Камчыбек Ташиев баяндама жасап, суроожооп болгон. Мындан улам төрага Нурланбек Тургунбек уулунун жалпы жыйында баяндамасы жана талкуусуз дароо добуш берүүгө өтүү сунушу колдоо тапты.

## Ташиевдин отчету

УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев Жогорку Кеңештин жалпы жыйынында Тажикстан менен болгон чек ара маселеси кандай чечилгени тууралуу кенен айтып, дээрлик эки сааттай түз эфирде маалымат берди. Анда утулган да, уттурган да тарап болбогонун, бирок келечектүү пландар менен түбөлүк ынтымак үчүн айрым жерлер тажик тарапка өтсө, айрым жерлер биздин карамагыбызда калганын белгиледи.

“Жыйынтыгында, Кыргыз Республикасына 2365 гектар, ал эми Тажик Республикасына 1570 га жер өттү, же болбосо, биздин чек арабыз, биздин территорияйбыз, 795 га жер бизге көбүрөөк өттү. Бул деген дээрлик 800 гектар жерди биз тажиктерден көбүрөөк алдык. Биз алдырган жокпуз, тескерисинче алдык”,-деди Ташиев.

Буларга кошумчалап, чек араны тактоодо эч ким утпай тургазнын, азыркы кабыл алынган чечимдер эки өлкөнүн ынтымагы үчүн аткарылып жатканын белгиледи. “Бирок мен ачык айтып коюшум керек, чек араны караганда: “биз утуп алдык, биз жеңип алдык”,-деген сөздөн алысыраак бололу, туугандар. Эки элдин ортосундагы, Кыргыз Республикасы менен Тажикстан Республикасынын ортосундагы достукту чыңдоо үчүн чек аралар тактап бүттү. Мындан ары биздин мамлекеттерибиз чыныгы достукта, тууганчылыкта, бири-бирине болгон жакшылыкта гана жүрсүн деген ойдобуз. Мындан ары биздин Лейлек, Баткен райондорубуз, Тажикстандын Согди облусу менен өтө тыгыз катташат дагы, экономикалык байланыштарыбыз күчөйт, достугубуз күчөйт. Уруш-талаш болбойт. Бул сеники, бул меники деп эми ар бирибиз өз чек арабызды билебиз. Эч ким өз чек арасынан өтүп, башка нерсе кылбайт”,-деди ал.



К.Ташиев эки өлкөнүн чек араларын тактоодо КР Президенти Садыр Жапаровдун саясий эрки негизги фактор болгонун белгиледи.

“Ошондуктан, мен сиздерге айтып коюшум керек, эң биринчиден биздин урматтуу президентибиз Садыр Нуркожоевич Жапаров турду. Себеби, ал ушул чек аралардын тилкелеринин ар бир метрине чейин билет. Мен ал киши менен чек аранын ар бир метрин талкуулап, бирге чечип аттык. Кээде ушундай маселелер болуп калып атты, комиссия карап атканда, ишин токтотуп коюп, мен атайын келип, Садыр Нуркожоевич менен сүйлөшүп, аны менен тактаып, ал уруксат бергенде гана ушул чечимдерди кабыл алып аттык. Ошондуктан, бул жерде биздин урматтуу президентибиздин саясий эрки менен болбогондо бул нерсе чечилмек эмес. Ошондуктан ыраазычылык билдирип коюшубуз керек. Андан сырткары, мен, ушул жерде отурган комиссия мүчөлөрүнө ыраазчылык билдирип койгум келет”,-деди Ташиев.

Агыйнда ал чек аранын чечилишин чоң жеңиш катары баалап, мыйзам долбоорлорун колдоп берген депутаттарга ыраазычылык билдирди.

"Бул чечимге келүү өтө кыйын болду. Конфликттер, уруш-талаштар болду, өтө чоң кайгыларды башыбыздан өткөрдүк. Ошолордун баарын жеңип өтүп, кайрадан өзүңдүн душманың менен бир столдо отуруп, ошол маселелерди чечип, болгондо да тынчтык жол менен чечишүүгө жетишүү өтө оор болду. Биз ушуга сиздер менен кошо жетиштик", - деди ал.

## Келишимди Тажикстан да ратификациялады

Тажикстан парламентинин басма сөз кызматы билдиргендей, депутаттардын басымдуу бөлүгү катышкан жыйында 18-мартта тажик парламентинин алтынчы чакырылышынын акыркы жыйынында (эми алар мурдагы) депутаттар Кыргызстан менен чек ара келишимин, ошондой эле чек арага байланыштуу дагы эки документти ратификациялады. (19-мартта жетинчи чакырылыштагы жаңы парламенттин биринчи жыйыны өттү).

13-мартта кыргызстандык журналисттерге берген интервьюсунда Тажикстандын УКМКсынын башчысы Саймумин Ятимов, кыргыз-тажик чек ара маселеси эки элдин кызыкчылыгын эске алуу менен чечилгенин билдирген.

“Эң негизги маселе – чек аралар эки мамлекеттин кызыкчылыктарына ылайык чечилди. Эми мамилебиз бир тууганлык, тарыхый мүнөзгө ээ болот. Биз, чыныгы бир туугандардай болушубуз керек”, – деген.

## Дүйнөлүк коомчулуктун кубаттоосу

13-мартта Бишкекте Кыргызстан менен Тажикстандын мамлекеттик чек арасы жөнүндөгү келишимге эки өлкөнүн президенттери – Садыр Жапаров менен Эмомали Рахмон кол койгондон кийин дүйнөдөгү дээрлик көпчүлүк эл аралык уюмдар жана мамлекеттер бул чечимди колдоого алышты. Аны жөн гана саясий келишим эмес, чек ара маселелерин сүйлөшүү жолу менен чечүүнүн үлгүсү катары кабыл алышты.

Мисалы: БУУ, Европа Биримдик, Түрк Мамлекеттер Уюму, ЖККУ, ШКУ, КМШ сыяктуу дүйнөлүк уюмдар чек ара келишимин кубатташты. Бул уюмдар дээрлик 5 миллиард адамдын кызыкчылыгын коргогон дүйнөлүк негизги институттар болуп саналат жана алардын чек ара маселесинин тынч жол менен чечилишин кубаттоосу Кыргызстан үчүн глобалдык жеңиш деп сыпатталууда.



Ал эми, Түркия, Франция, Кытай, АКШ, Орусия, Иран, БАЭ, Кувейт, Сауд Аравия, Катар, Азербайжан, Пакистан, Бахрейн, Иордания сыяктуу мамлекеттер эң алгачкылардан болуп кубатташты.

## Жапаровдун жаңы сунушу...

Кыргызстан менен Тажикстандын чек араларын тактаган келишимге эки өлкөнүн президенттери кол коюшкандан кийин, Президент Садыр Жапаров өзүнүн Фейсбуктагы баракчасында аймактык кызматташтыкты чыңдоо боюнча жаңы демилге көтөрүп чыкты.

Анда ал эми Борбор Азия мамлекеттери бири-бирине визасыз каттоо режимине өтүп, ал эми үчүнчү өлкөлөрдөн келген коноктор үчүн Шенген визасына окшош бирдиктүү виза киргизүү зарылдыгын белгиледи. Президент бул кадам аймактын инвестициялык жана туристтик потенциалын арттырууга чоң салым кошоорун айтты.

"Аймактык кызматташтыкты жаңы деңгээлге көтөрүп, Борбор Азияны дүйнөлүк аренада инвестиция жана туризм үчүн жагымдуу аймакка айлантууга убакыт келди", - деп жазды ал.

Жапаровдун сунушу Борбор Азия мамлекеттеринин жетекчилери тарабынан кандай кабыл алынары азырынча белгисиз. Бирок бул демилге ишке ашса, аймактык интеграция жаңы деңгээлге чыгышы мүмкүн.

31-мартта Тажикстандын Кожент шаарында Нооруз майрамына карата Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстандын мамлекет башчыларынын биринчи саммити өтөт. Анда да бир катар расмий документтерге кол коюлат.

Ал арада Өзбекстандын Самарканд шаарында ушул жылдын 3-4-апрелинде «Борбордук Азия — Европа Биримдиги» аттуу саммит да өтөөрү кабарланды.

Саммит Өзбекстан президенти Шавкат Мирзиёевдин төрагалыгы алдында өтүп, ага Казакстан президенти Касым-Жомарт Токаев, Кыргызстан президенти Садыр Жапаров, Тажикстан президенти Эмомали Рахмон жана Түркмөнстан президенти Сердар Бердымухамедов катышат. Ага Европа кеңешинин президенти Антониу Кошта жана Европа комиссиясынын президенти Урсула фон дер Ляйен да катышаары күтүлүүдө.

## Соңунда

Кыргызстан менен Тажикстандын чек аралары такталбагандыктан буга чейин суу, жер, жол, жайыт талаштан улам аймакта көптөгөн чыр-чатактар күчөп отуруп, 2021-жылы апрель-май жана 2022-жылы сентябрь айларында адам өмүрүн алган кандуу кагылышуулар да болгон.

Эми сууган мамиле кайра жылып, чек ара чечилгенден кийин эки мамлекет ортосундагы 2021-жылдан бери жабык турган эки өткөрмө бекети кайрадан ачылды. Ал эми 14-марттан тарта Бишкек—Душанбе жана Бишкек—Худжанд авиакаттамдары да ишке кирди.

Расмий маалымат боюнча, Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы мамлекеттик чек аранын жалпы узундугу 1006,84 чакырымды түзөт.

**А.Каракозуев.**

# Калктын камын көргөн жетекчи

**Өткөн жыл Ноокат районунун Кара-Таш айыл өкмөтү үчүн ийгиликтин жана жетишкендиктин жылы болду. Калктын жашоо шарты жыл өткөн сайын жакшырып баратат. Жол, электр энергиясы, таза суу жана сугат суу маселеси чечилип келатат. Алыскы айыл аймагындагы турмуштун жакшырганына, ар бир үйдүн ичине суу түтүктөрү киргизилип, ысык жана муздак суунун чоргодон чыгып жатканына күбө болуп кайттым. Кара-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы Саланов Канат Акмаматовичтен калктын жашоосу, 2024-жылдагы аткарылган иштер жөнүндө сураганыбызда төмөндөгүлөрдү баяндап берди.**





## Долбоорлор иш жүзүндө аткарылды

Ноокат районундагы Кара-Таш айыл өкмөтү 2024-жылдын ичинде 26 млн. 700 миң сом инвестиция тартышты. Кара-Таш айыл өкмөтүнүн аймагында CASA-1000 долбоору аркылуу муниципалдык тигүү цехи колдоого алынып, АРИС уюму тарабынан курулуш иштери жүргүзүлүп, пайдаланууга берилди. Жалпы долбоордун сметалык баасы 4.752 миң 916 сомду түзүп, мындан сырткары, жергиликтүү 28 кыз - келиндер жумуш менен камсыз болушту.

Сугат суу ирригациясын жакшыртуу багытында Ноокат районунун өнүктүрүү фондунун эсебинен 3.0 млн. сом, Ош облустук өнүктүрүү фондунун эсебинен 4.0 млн. сом, жалпы сметалык баасы 7,0 млн. сомдук лотоктор алынып келинди.

Кара-Таш айыл өкмөтүнүн аймагындагы ички арыктар 8 чакырым аралыкта тазаланды, сугат суу ирригациясын жакшыртуу максатында 4-бригада бөлүмүндө 1 ч.м аралыкка жаңы лотоктор орнотулуп, пайдаланууга берилди.

## Көчөлөр оңдолуп, техникалар алынып, суу түтүктөрү тартылды

Кара-Таш айыл өкмөтүнүн аймагындагы С.Тагаев атындагы көчөгө асфальт төшөлдү. Аталган асфальт жолду төшөөгө Ош облустук өнүктүрүү фондунан 6,0 млн. сом, ал эми жергиликтүү бюджеттен 1,0 млн. сом акча каражаты сарпталды. Кара-Таш айыл аймагындагы Нойгут айылынын А. Кудайбердиев көчөсүнүн 2,3 ч.м. аралыгына асфальт бастырылды. Жогорудагы иштерди аткарууда республикалык бюджеттин эсеибинен 14 млн. сом, элдик салымдан 4 млн. сом жергиликтүү бюджеттин эсебинен 1 млн. сом каралып, жалпысынан 19 млн. сом жумшалды.

Ош облустук өнүктүрүү фондунун эсебинен 7,0 млн. сомдук атайын техникалар экскаватор менен камаз Кара-Таш айыл өкмөтүнө алынды. Кара-Таш айыл өкмөтүнүн Чечме-Сай участкасына "Эмирлан" балдар бакчасына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 1 млн. сом акча каражаты ажыратылып, элдин демилгеси менен толугу менен демөөрчүлүккө алынып, пайдаланууга берилди.

Таза суунун көлөмү акыркы жылдары азайып кеткендигине байланыштуу кошумча суу сактоочу резервуар куруу муктаждыгы пайда болуп, Чечме-Сай участкасындагы суу скважинасы оңдолуп, андан сууну резервуарга тартып баруу үчүн Ноокат райондук өнүктүрүү фондунан 1,0 млн. сом акча каражаты каралып, 2300 метр суу түтүктөрү тартылды жана суу кампасы бүтүү алдында турат.

## Жолдор кеңейтилди

Кыргыз Республикасынын Президенти С. Н. Жапаровдун 2023-жылдын 14-мартындагы "Автомобиль жолдорунун жээгиндеги жерлерге (жол тилкесиндеги жана жол боюндагы тилкедеги жерлерде) жол боюндагы тейлөө объекттерин (анын ичинде сооданы) мыйзамсыз жайгаштырууну алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча чаралар жөнүндө" № 56 Жарлыгын аткарууга алуу максатында Кара-Таш айыл өкмөтүнүн аймагындагы ички Достук, Абад, Бекиев көчөлөрүнүн кызыл сызыктары тактальп, кеңейтилди. Жергиликтүү бюджеттин эсебинин 750 миң сом сарпталып, Лагерь Атабаев, Ойулма, Мамыт ата, Найман каналынын жээгиндеги көчөлөргө шагыл төшөө иштери толугу менен аткарууга алынды.

Ошондой эле Көк-Терек участкасына жергиликтүү элдин эсебинен 700 метр аралыкка сугат суу түтүктөрү тартылып, суу чыгарылды. Таза суу үчүн резервуарларды тазалап кеңейтүү иштери жергиликтүү бюджеттин эсебинен аткарылды. Ал эми Кашкулак уя көчөсүнө таза суу түтүктөрү жергиликтүү бюджеттин жана элдин эсебинен орнотулуп, пайдаланууга берүү алдында турат.

Табияттын айттырбай келген сел коркунучу, жамгыр жааган мезгилде элдин тынчын алат. Селдин кесепетинен бузулган Лагерь көпүрөсүн жергиликтүү бюджеттен 47 миң сом акча каражаты сарпталып, калыбына келтирүү иштери жүргүзүлүп кайрадан пайдаланууга берилди.

Кара-Таш айыл өкмөтүнүн аймагындагы түнкү жарыктандыруу шаймандары утурумдук оңдоп - түзөөдөн өткөрүлүп, жаңы конуштарга электр мамычалары орнотулуп, Ө.Токтосунов көчөсү трансформатор менен камсыздалды. Көп жылдардан бери ремонттоого муктаж болгон Кара-Таш айыл өкмөтүнүн административдик имараты 200 миң сомго утурумдук оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү. Ал эми жылуулук системасы жергиликтүү бюджеттин эсебинен 750 миң сомго курулуп, жылуулук берилди. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-июнундагы Социалдык контрактын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндөгү №296 токтому менен бекитилген жобого ылайык, кайтарымсыз берилип жаткан жүз мин сом акча каражатын Кара-Таш айыл аймагында 2024-жылга карата 130 үй-бүлө бизнес долбоор жазып, алардын ичинен 117 үй-бүлөнүн долбоору жактырылып, кайтарымсыз акча каражатын алышып, алар ар түрдүү бизнес багыттарын тандап, бүгүнкү күндө үй-бүлөлүк бюджетин өнүктүрүшүүдө. Алар соода-сатык, малчарбачылык жана дыйканчылык менен эмгектенишүүдө. 2024-жылы майрамдык иш-чаралар да өткөрүлгөн. Ноокат райондук мамлекеттик администрациясы 8-март майрамына карата уюштурган майрамдык кечеге Кара-Таш айыл аймагынан 10 аял катышып, аларга акчалай сыйлык жана белектер тапшырылган. Былтыркы жылдын1-июнь – Эл аралык балдарды коргоо күнүнө карата Кара-Таш айыл аймагындагы ар кандай категориядагы балдар райондук деңгээлде уюштурулган иш-чарага катышышкан. Мындан сырткары, айыл өкмөтү тарабынан балдар күнүнө карата акча каражаты ажыратылып, даректүү таркатылды.

## Кадыр болсо бер, муктаж болсо ал

Ошондой эле аз камсыз болгон жардамга муктаж, турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө жана ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга ар кандай багыттагы колдоолор көрсөтүлүп, айыл аймакта "Кадыр болсо бер, муктаж болсо ал" аталышындагы социалдык текче уюштурулуп, муктаж үй- бүлөлөргө берилди. 3-декабрь- Эл аралык мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын күнүнө карата Ноокат райондук мамлекеттик администрациясы жана Ноокат райондук эмгек, социалдык камсыздоо бөлүмү менен миграция башкармалыгы тарабынан уюштурулган майрамдык иш-чарага айыл өкмөтүнүн аймагындагы мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар катышты, алардын ар бирине айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен акча каражат бөлүнүп берилди. Кара-Таш айыл аймагындагы 18 жашка чейинки 20 мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга 18 жаштан жогору 25 жаранга майрамга карата белектер тапшырылды. Айыл өкмөтүнүн аймагындагы 12 жалгыз бой, багуучусунан ажыраган карыяларга кышка карата 500 кг. көмүр таркатылды. 1-октябрь – Эл аралык карыялардын күнүнө карата айыл өкмөттүн жетекчиси кызматкерлери менен биргеликте айыл аймагындагы карыялардын үйлөрүнө барып кабар алып, белектерди беришти. Карыяларды камкордукка алган айыл өкмөт башчысы Канат Салановго карыялар ыраазычылык айтышып, ак баталарын беришти. Айыл өкмөтүндө өзүнүн кесибин мыкты билген адистер эмгектенишет. Алардын катарына ФЭБ башчысы Алтынай Жамантаева, инвестиция тартуу боюнча адис Чиркеш Сактанов, социалдык адис Азизбек кызы Жумагул, айыл башчы Абдыракман Осмонов ж. б. кызматкерлер эмгектенишет.




**Б. Ысакова.**

# ДҮЙНӨЛҮК БЕСТСЕЛЛЕР: Ошто "Гарри Поттердин" спектакли коюлду

**С.Ибраимов атындагы Ош улуттук драмалык театрында 17-18-март күндөрү дүйнөлүк бестселлер, балдардын сүймөнчүгүнө ээ болгон “Гарри Поттер” чыгармасынын негизинде спектакль коюлду. Улуу Британиялык жазуучу Жоан К.Роулингдин 67 тилге которулуп, жалпы 500 миллион нускада жарык көргөн фантастикалык курч окуялуу китебинин каарманы жаш сыйкырчы Гарри Поттер менен оштук жаш көрүүчүлөр да сахнадан таанышты.**







Спектаклди коюу үчүн казак эл артисти, белгилүү режиссер Бекпулат Парманов чакырылган. Жоан К.Роулингдин фантазиялык жанрда жазылган сыйкырчы бала Гарри Поттердин окуялары жөнүндө 7 томдук “Гарри Поттер” китебинин негизинде спектаклдин инсценировкасын да өзү даярдаган.

Режиссер Б.Парманов Ош улуттук драмалык театрында коюла турган драмалык чыгарма буга чейин Гарри Поттер жөнүндө тартылган көркөм тасмаларды жана дүйнө театрларында коюлган спектаклдерди туурабаган оригиналдуу вариантта болгонун белгилейт.

– “Гарри Поттерди” Ош театрында коюу максаты менен келгенимде алгач мектеп окуучуларынын арасында мониторинг жүргүзүп, балдар сахнадан Гарри Поттерди көрүүнү каалашарын билдим.

Эмне үчүн жаш жеткинчектер сыйкырчы баланы жакшы көрүшөт? Бул чыгармада Гарри жамандык, кара ниет сыйкырчылык, кыянаттык менен күрөшүп жеңип чыгат. Ал жаш көрүүчүнү адилеттиктен тайбоого, коркунучту жеңүүгө жана туура тандоо жүргүзүүгө шыктандырат.

Бул эксперименталдык иш болот. Фэнтези жанры фантазияны кеңири иштетүүгө толук мүмкүндүк берет. Ошондой эле спектакль өтө кыймылдуу: бий, күрөш элементтери, курч окуялар жана фантастикалык көрүнүштөр балдарды сыйкырдуу дүйнөгө жетелейт. Жаш көрүүчүлөр ыраазы болот деген ишеничтемин",-дейт Парманов.

Ош улуттук драма театрында балдар үчүн "Гарри Поттер" спектаклин коюунун демилгечиси, театрдын көркөм жетекчиси, КР



Эмгек сиңирген артисти Топчубай Досбаев буларга токтолду:

– Кыргыз театр чөйрөсүндө балдар үчүн спектаклдер дээрлик жок. Жаш жеткинчектер театрдан өзүнүн жашына ылайык жакшы спектакль көрүшсө, өмүр бою эсинен чыккыс таасир алышат. Сахнадан көзмө-көз жакшылык менен кыянаттык, достук менен чыккынчылык, кайрымдуулук менен таш боордук сыяктуу адамдык баалуулуктарды таанышат. Театрдын сыйкырдуу дүйнөсү балдардын фантазиясын өнүктүрөт жана чыгармачылыкка түрткү берет.

Мына ушундай муктаждыкты эске алуу менен жаш көрүүчүлөрдү театрга тартуу жана алардын талабына жооп бере турган заманбап, кызыктуу спектакль коюуну чечтик. Жаштар арасында иликтөө жүргүзүп көрсөм, дүйнө балдарынын сүймөнчүгүнө ээ болгон жана азыркы жаш муунга өтө популярдуу чыгарма “Гарри Поттер” экен. Бул чыгарма балдарга 7 томдук китеби жана 9 сериялуу көркөм тасмасы менен белгилүү эмеспи. Ал эми Англиянын атактуу театрынан башка дүйнөлүк театрларда спектакль катары коюла элек.

Чыгармачылык жаңычылдыкка даяр, өсүү жолунда келаткан театр ишмерлерибиз ушул спектаклди коюуга бел байлап, режиссерлукка дүйнөлүк атак-даңкка ээ, белгилүү режиссер, Казак Эл артисти Бекпулат Пармановду чакырдык. Ал биздин сунушту кабыл алганына өтө кубанычтабыз. Бул чыгаан профессионал режиссер менен иштешүү биздин актерлор үчүн да чоң тажрыйба жана мастер-класс болду", – деди ал.

Режиссер Б.Парманов спектаклдин актерлор тобун түзөөрдө башкы кейипкерлер Гарри Поттер менен Кара Лорддун ролун аткаруучуларды көпкө чейин тандап, ойлонуп жүргөн. Бир топ сыноолордон кийин жаш актер Нурилим Нурлан уулуна Гарри Поттердин, ал эми Акбарали уулу Саматка Кара Лорддун ролу ишенип тапшырылды.

Нурилим Нурлан уулу: – Биздин театрда чоң жаңылык болду. Анткени биз дүйнөлүк классикага айланган "Гарри Поттер" чыгармасын даярдадык. Адегенде бул спектаклди коёбуз дегенде баарыбыз чочулаганбыз. Кандай болор экен, колубуздан келеби деген күдүк ойлор жаралбай койгон жок. Анын үстүнө "Гарри Поттер" жөнүндө спектакль буга чейин бир гана Кыргызстанда эмес, КМШ өлкөлөрүнүн атактуу театрларында да коюла элек экен. Биринчи жолу биздин театрда коюла турганы кыргыз театр чөйрөсүндө да чоң жаңылык.

Спектаклди коюу үчүн Казакстандан атактуу режиссер Бекпулат Парманов келди. Алгач биз менен жолуккан спектаклди коюу боюнча өзүнүн идея-ойлорун бөлүштү. Ал өз ишин өтө жакшы билген, өтө кесипкөй, күчтүү режиссер экен. Биз ынандык жана Пармановдун режиссердук дараметине ишендик.

Мен үчүн башкы ролду даярдоо өтө татаал жана кызыктуу болду. Актердук чеберчилик боюнча жаңы тажрыйбага ээ болдум. Кесибиме болгон кызыгуум жана жоопкерчилигим артты. Буга чейин балдардын сүйүктүү каарманы болгон Гарри Поттерди жаш көрүүчүлөргө жаккандай кылып аткаруу үчүн бардык күч-аракетимди жумшап жатам.



Спектаклде жаш сыйкырчы Гаррини колдоого алып, өз өмүрүн тобокелдикке салган жана душмандарынын колунан каза тапкан ак ниет жана боорукер мектеп директору Дамблдордун ролун аткарган белгилүү актер, Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти Солтобай Кулбаев ой бөлүштү:

– Режиссер Бекпулат Саттарович мени чыгармадагы Хогвартс көз боочулук жана сыйкырчылык мектебинин директору Дамблдордун ролуна дайындаганы бекеринен болбосо керек. Гриммденип, ролума кире баштаганымда сырткы кейпимден тартып жүрүм-турумума чейин “Гарри Поттер” көркөм тасмадагы кейипкер Дамблдордун өзүнө оппокшош болуп чыктым. Дамблдор ак ниет сыйкырчы Гаррини колдоого алып, өлөрүндө өзүнүн сыйкырдуу таякчасын ага тапшырып кетет. Албетте, бул ролдо режиссердун жардамы менен өз алдымча образ түзүүгө аракеттенип жатам. Ар бир роль биринчи жолу сахнада ойноп жаткандай катуу изденүү жана жоопкерчилик менен жаралат эмеспи. Бул спектаклде пластика, бий, күрөш кыймылына, сүйлөө чеберчилигине машыгуу катуу жүрүүдө.

Ак ниет сыйкырчылардын династиясын улантуучу Гарринин бакма энеси Минерванын ролун аткаруучу актриса, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Насиятхан Шамшиева бул спектаклдин актердук тобунда иштеп жатканына кубанычын билдирди:

– Жыл башында биздин театрдын көркөм кеңешинин отурумунда “Гарри Поттер” коюу жана ал үчүн Казакстандан режиссер чакыруу сунуш жасалганда, адегенде бир тобубуз бушайман болгонубуз чын. Андан көрө эл аралык фестивалдарга катыша турган олуттуу спектакль даярдабайлыбы деп ойлогонбуз. Режиссер келип, биз менен бетме-бет сүйлөшүүдө театрыбызда “Гарри Поттерди” коюу чоң ийгилик жаратарына ишене баштадык. Казакстандан келген атактуу режиссердон чыгармачылык көп баалуу тажрыйба алдык. Албетте, Бекпулат Саттарович талапты катуу койду. Тер төккөн эмгегибиз жакшы ийгиликтерди жаратты деп ишенем.

“Ошентип чоң жамаат менен даярдалган “Гарри Поттер” 17-мартта сахнага коюлду. Биздин көрүүчүлөрүбүз бул чыгарманы сахнадан көрүүнү чыдамсыздык менен күтүп жатышкан. Алардын күтүүсү акталды деген ойдобуз. Театр жетекчилиги спектаклдин жаралышына керектүү делген бардык шартты камсыздап берүүгө аракет кылдык. “Гарри Поттер” – бул балдар сүйгөн жана күткөн спектакль болду! – деп билдирди Ош улуттук драма театрынын директору Керимбек Калыкулов.

**Зинакан Пасаңова.**

# Нумизматикалык монеталар - кыргыз элинин тарыхын, үрп-адатын жана каада-салтын жайылтуу жана унутта калтырбоо ыкмасы

Бүгүнкү күндө «нумизматика» термини белгилүү бир мамлекет тарабынан чыгарылган монеталарды жана банкнотторду изилдөө жана чогултуу катары чечмеленет. Бул сөз латынча «Numisma» жана грекче «Nomisma» сөзүнөн келип чыккан, бул салт же келишимди билдирет. Нумизматика Байыркы Римдин доорунан бери белгилүү, бирок коллекционерлер сыяктуу коомдук кубулуш кайсы учурда пайда болгонун так аныктоо мүмкүн эмес.



Убакыттын өтүшү менен нумизматикалык буюмдарды чогултуу элиталык жана популярдуу кесипке айланган. Ийгилик жылмайса нумизматтар чоң байлыктын ээси болуп калышы мүмкүн. Мисалы, 2021-жылдын июнь айында атактуу Sotheby`s аукцион үйү Нью-Йорктогу филателист жана нумизмат Стюарт Вайцмандын жеке коллекциясындагы буюмдарды камтыган атайын аукцион өткөргөн. Аукциондо номиналы 20 доллар болгон 1933-жылы чыгарылган «Double Eagle» алтын монетасы сатылып жаткан. Дүйнөдө бул монетанын 20 даанасы гана сакталып, 19 даанасы мамлекеттик музейлерде же АКШнын зээрканасына таандык. Стюарт Вайцманга таандык жыйырманчы монета аукциондо 19 миллион долларга сатылган. Дагы бир мисал, 2013-жылы 1794-жылы чыгарылган күмүш доллар аукциондо 10 миллион доллардан ашык суммага сатылган.

Тыйындар коомдун идеологиясынын, дининин жана саясий ой жүгүртүүсүнүн тарыхын изилдөө үчүн уникалдуу булак болгон. Монеталардын сүрөттөрү жана жазуулары көбүнчө саясий жана коомдук турмуштагы окуяларды - басып алууларды, мамлекеттик же диний реформаларды, маанилүү даталарды чагылдырат. Кээде монеталардын атайын чыгарылышы кандайдыр бир окуяга арналган. Мунун баары тыйындарды белгилүү бир мамлекеттин каада-салттарын, үрп-адаттарын, саясий жана экономикалык тарыхын изилдөө үчүн баалуу булак кылат. Ошо сыяктуу эле, Кыргызстан өлкө ичинде да, чет өлкөлөрдө да суроо-талапка ээ болгон уникалдуу монеталар менен мактана алат.

Кыргызстанда нумизматикалык монеталарды чыгаруу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы алектенет. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын алгачкы нумизматикалык эстелик монеталары 1995-жылы чыгарылып, Кыргызстандын нумизматика рыногунун түптөлүшүнө жол салган. Кыргызстандын коллекциялык монеталары сувенир же нумизматикалык баалуулук гана болуп эсептелбестен, маалымат булагы болуп да саналат. Монеталарды түзүү узак жана татаал процесс. Бир коллекциялык монетаны чыгаруу үчүн бир жылдан төрт жылга чейин убакыт кетет. Монеталардын тематикасын тандоо үчүн Улуттук банктын адистери Улуттук илимдер академиясы, Борбордук кино - фотодокументтер архиви, университеттер жана башка мекемелер менен кызматташат. Маалыматтар кылдаттык менен чогултулат жана талданат. Андан кийин техникалык шарттар даярдалып жана сүрөтчү-дизайнерлер алгачкы эскиздерди иштеп чыгышат. Улуттук банктын кызматкерлери монеталардын жасоонун материалы жана технологиясы боюнча сунуштарды иштеп чыгып, андан соң тендер өткөрүлүп, женүүчү тандалат. Мисалы, 2013-жылы жүгүртүүгө чыгарылган «Саймалуу-Таш» жана «Джейран» монетаралары Казахстан жана Литванын монетаканаларында өндүрүлгөн. Адатта коллекциялык монеталарды басып чыгаруу төрт айдан алты айга чейин созулат.

Улуттук банк монета чыгарууда алтын жалатуу, голограмма, тампондук мөөр басуу, кычкылдануу, ар түрдүү таштарды чөгөрүү (асыл таш, Сваровски кристаллы) сыяктуу заманбап технологияларды пайдаланат. Жаңы эстелик монеталарды чыгарууну пландаштыруу менен Улуттук банк ар кандай категориядагы керектөөчүлөрдүн жана коллекционерлердин арасында кыйла популярдуу темалардын рейтингин изилдөөгө алат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө байланыштуу маданий эстеликтер, маанилүү даталарды даңазалоо, маданият жана спорт жаатында жетишкендиктерди, улуттук үрп-адаттарды жана оюндарды кайра жандандыруу максатында нумизматикалык монеталарды чыгарат. Мисалы, "Ч. Айтматов", "Жамийла", "Биринчи мугалим", "Саманчынын жолу", "Гүлсарат" жана "Ак кеме" коллекциялык монеталар Кыргыз элинин чыгаан уулу, дүйнө эли жан-дилден сүйүп окуган калемгерлердин бири, дүйнөгө кеңири таанымал улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына арналып жасалган.



Андан тышкары, Кыргызстанда жок болуп бара жаткан флора жана фауналардын түрлөрүн жайылтуу максатын көздөп, Улуттук банк чыгарып жаткан коллекциялык монеталардын тематикасы Кыргызстандын кооздугун, кайталангыс өзгөчөлүгүн даңазалоого багытталган. Мисалы, "Кашкар бөрү карагаты", «Эдуард чаар гүлү (Айгүл гүлү)», "Ак илбирс", "Үкү", "Жейрен" жана «Каркыра» коллекциондук монеталар "Кыргызстандын Кызыл китеби" сериясынын монеталарына багытталып чыгарылган.













2012- жылы «Тарыхый окуялар» сериясына кирген “Курманжан Датка 200 жыл» алтын жана күмүш монетасы чыгарылган. Учурда бул серияда 31 монета бар. «Тарыхый окуялар» сериясында Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнө арналган төрт монета да бар. Жакында эле жүгүртүүгө чыгырылган монеталардын бири- бул «Кара-Кыргыз автономиялуу облусуна – 100 жыл» күмүш монетасы.



Ошондой эле, буга чейин: “Манас” эпосунун 1000 жылдыгы», «Кыргыз мамлекеттүүлүгү», «Кыргыз каганатынын доору», «Эл аралык тоолор жылы», «Кыргызстан Улуу Жибек жолунда», «Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтери», «Улуттук үрп-адаттар жана элдик оюндардын түрлөрү», «Улуттук музыкалык аспаптар» серияларына арналган монеталар чыгарылган.

ЕАЭБ мүчө мамлекеттердин борбордук банктарынын баалуу металлдан жасалган коллекциялык монеталарды чыгаруу боюнча эл аралык программасынын алкагында Улуттук банк тарабынан: "ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн борборлору", "ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн жаныбарлар дүйнөсү", “ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн элдеринин жөрөлгөлөрү жана салт-санаалары", “ЕврАзЭСке 10 жыл”, “Аруулук уялаган балдар дүйнөсү", "Улуу Жибек Жолу" серияларындагы күмүш монеталары чыгарылган.

Чыгарылган монеталар эл аралык сынактарга катыша алат. Кыргызстандын монеталары да четте калбайт. Ал эми дүйнөлүк аренада алар улуттук валютадай эле бааланып, сыйлыкка ээ болушат. Айтсак, “Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары” сериясындагы монеталар Санкт-Петербург шаарында өткөн “Монеталар даражасы - 2010” эл аралык эстелик монеталарынын төртүнчү сынагынын алкагында «БИБЛИО-ГЛОБУС» соода үйү тарабынан Ардак грамотага ээ болгон. Акыркы жылдары чыгарылган «Азия оюндары» күмүш монетасы “Монеталар даражасы - 2023” эл аралык сынагында “Сувенирдик монетасы” номинациясында үчүнчү орунга, “Тай туяк” күмүш монетасы “Монеталар даражасы - 2024” эл аралык сынагында “Жылдын күмүш монетасы” номинациясында үчүнчү орунга татыктуу болушкан.

Бүгүнкү күндө Улуттук банк тарабынан баалуу металлдардан 72 монета, ал эми баалуу эмес металлдардан 24 монета чыгарылган. Анын ичинде 24 жез-никель, 6 алтын жана 66 күмүш монеталар. Алар темасына жараша 16 эпизодго бөлүнөт. Кыргызстандын коллекциялык монеталарына болгон кызыгуу жыл сайын артып келет. Аларды нумизматиканы кызыктуу хобби катары көргөн кесипкөй-коллекционерлер гана сатып албастан, жөнөкөй жарандар да кызыгуусун артып инвестиция катары сатып алып жатышат. Монеталар коллекциясын топтоодо аларды талапка ылайык шарттарда сактоо зарыл, б.а. монеталар аба, нымдуулук, жылуулуктун таасиринен өз нумизматикалык баалуулугун жоготушу мүмкүн.

Эгерде нумизматикалык монеталарды сатып алууга кызыксаңыз, Улуттук банктын www.nbkr.kg веб сайтынан «коллекциялык монеталардын каталогу» бөлүмүндө, же www.numizmat.nbkr.kg веб сайтынан монеталардын бардык түрлөрүн көрө аласыз. Ошол эле убакта, Улуттук банктын мекемелеринен накталай жана накталай эмес улуттук валютада эсептешүү жолу менен жана ошондой эле нумизматикалык баалуулуктарды сатуу боюнча: www.numizmat.nbkr.kg веб сайты аркылуу сатып алсаңыз болот.

# 103 жаштагы Базан чоң эне

**Жашоодо өмүргө тойбойт адамзат дегендей алмустактан бери, пенде жер бетин байырлагандан не деген тагдырлар, не деген жашоолор өмүр деген философиялык туюмду түшүндүргөн күндөр, самсаалаган жылдар пенде байшын байырлаганын жумуру баштуу адамзаты тарых тагдырында кечирип келет тура. Ушундан улам балбылдаган көз ааламды аңтара мээ чайнаткан ой-кыялда, сүрдүү жаратылыштын кооздуктары менен каңтарылган түпкүрдүү, дүйнө тереңдигин каныктырган жашоо сырларын курак, чырым менен жалгаштырган сайын жаштык курактан карыган куракка чейин бааланганы, байланганы өмүрдүн туютмасы окшойт.**



Мына андан бери канча күндөр, канча жылдар зуулдап купуя курак сырларына камтылбады дейсиң. Өмүрдүн ар бир пенде затына берилген сырдуу күндөрү ушинтип уламалуу жалгашуу менен өтө берет белем.

Ошондон "элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы" деген накыл кеп калган бейм. Чындыгында айтылган ойдон улам жашоодо көп сырлар өттү да кетти деген арманга айланганын баарыбыз баамдап эле жүргөн чыгаарбыз.



Чоң эне баккан Мамасалы абанын үй-бүлөсү

Өмүрдүн өр тарткан сырларында 103 жашка чыккандыгын чайкаган Базан чоң энебиз эмне деген түңгүюктарды өз башынан өткөргөн сырларын баамында анча-мынча гана сыпаттап бербесе сөзмөрлүгү мурункудай эмес. Кантсе да адам баласынын өмүрү өткөн сайын жаш баладай кыял жоруктун калпында калат окшойт деген мазмун туура бейм. Базан Калманбетова документинде 1-июль 1923-жылы азыркы Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Р. Абдыкадыров айылдык аймагынын Таш-Короо конушунда жарык дүйнөгө келген экен. Аталган кыштоо малга жайлуу, кышында күнгөй тарабы жылуу, жазында жайлоосу кенен, чөп жайында мол чыгат. Ушундан жер бетиндеги берекени пайдалана ата-бабаларыбыз кылымдан кылымга жашап келсе керек деген пүшүркө азыр деле баамдалып калгансыйт. Базан чоң энебиз, ошол өткөн кылымдын дал ушул жылдары эки, үч жашка чамдап калган кыз тура. Ал атадан жалгыз чүрпө дешет.

Зуулдап жылдар өтсө , мезгилинде сабалап калбасаң өткөн соң бир күнчөлүк сезилбегени упайда турбайбы. Анан калса ал учурда эл арасында сабаттулук дээрлик жок. Арип тамга таануу, мектеп деген кайдан. Жашоо дээрлик кустардык мүнөздө болгонун азыркы учурдагылар деле уккан билгенден баамдашканын пүшүркөп жүрбөйбүзбү.

Базан чоң эне азыр бар. Анын жаштык курагы, эс тарткан жылдары коомдогу коллективдештирүү, большевиктик- советтик доорго туш келет. Ошондогу коктү-колоттогу туугандашкан уруучулук учурдагы балалык мезгили ошол аймактарда өткөн.

Совет мезгилиндеги жаңы доор ошол учурдагы Тоо арасындагы турмуш-жашоо кечирген элге ар кандай сүр-пеш көрсөтүү менен тез эле жашоо образдарына сиңип кеткен эмес болчу. Бул көрүнүштү өткөн кылымдын отузунчу, кыркынчы жылдарындагы апаат, жокчулук, кыйынчылык мезгилдердин ырасталганы тарых баракчаларынан маалым го. Он-он беш жылдай созулган колхоздоштуруу, кийин Улуу Ата Мекендик согуш таптары Базан эненин жүрөгүндө азыр деле так боюнча турарын бир өзү билээрин болголоосо болот. Анткени ал күндөрдү жон-териси менен сезе жашаган азыркынын жандуу күбөсү эмеспи.

Анан калса кедей-кембагалга боор азанын берген совет доору Базан эне сыяктуу миң-миллиондогон жаргак-жалчымандардын адам катары калыптанышына түзүлгөн доор экенин баарыбыз эле сезип калбадыкпы. Базан эне сабаттуулугун жоюуга, ошол 1940-жылдарга чейин уюшулган төрт жылдык, кийин 7 жылдык мектептерде билим алганы азыр 103 жашка келгенинде да газета окуганга пайдасы тийип жатпайбы. Чоң энебиз азыр да жазганда, китеп окуганда көзүнө көз айнек каптабайт. Кулагы гана оорлошкону болбосо көп жаңылыктарды газетадан алат. Мына илгеркилердин ийкемдүүлүгү, ден-соолугунун бекемдиги. Анткени өмүр бою кыймылда болгону, узак жашоонун, дени сактын белендиги окшойт. Белин бек кармап жашоодо оорудум, сыркадым деген дооматын ушул учурда да жакындарыбыздан эч кимибиз кулагыбызга илип көрбөдүк. Чоң апабыз азыр да өзүн барктаган жан. Ошол согуш учурунда "баардыгы фронт үчүн-бардыгы жеңиш үчүн" –деген ураандын тылдагы күнү-түнү иштеген учурдун тирүү каармаңы десек болот. Ошол өңүттөн, ушул учурга чейин жашоосуна наараазыланганы болгон жок сыяктуу өткөн өмүрүн бирөөгө колко кылган жан эмес.

Базан чоң эненин өмүрү деле бир кылка болбоптур. Ал Сары-Булактагы Булаш уруусунан болот. Ошондо Булаштын Оолбек деген баласынын тогуз уулунун бир уулунан жалгыз кыз. Эс тартканы жакшы кыз жатка кетпейт деген таризде менин чоң атам Моке, атам Мамасалинин атасы. Чоң энебиз Модунун бир тууган иниси Сами тагабызга Базан чоң энебизди 15 жашында алып беришет. Ошондон өмүр улай беш он жылдай өмүр сүрүшсө да Сами абам менен Базан чоң эне балалуу болгон эмес экен. Көп жыл өткөн соң мындай жашоо улана бербесине көзү жеткен чоң атам менен чоң энем Сами кайын инисине Базан энебиздин үстүнө эле Ырыс аттуу энебизди алып беришкен экен. Ал учурда ушундай көрүнүштөр көп болгонун, согуштун кара тагынын кесепети экендигин бардыгы эле моюндап келишкен. Эл турмушундагы баамдалган вазыйпадан көрсөң да көрмөксөн болгонуң менен жашоонун табы дегенди түшүнүүгө болот эле. Сами абабыз менен Базан чоң энебиз наристелүү болбой жүргөндө менин чоң атам Моке, чоң энем Моду, өзүмдүн атам Мамасалини алардын үйүндө жүрүүсүнө ыраа көрүп асырап алууну сунушташат. Ошондо алардын асыроосунда эс тартканга чейин жүрөт. Сами абам Ырыс чоң апабыздан 5 уул 5 кыздуу болот. Мунун баарын Базан чоң эне чымын кондурбай асырап эрезеге жеткирет. Он баланын уулуларынын балдарын да Базан энебиз баккандын биз да көрүп калдык. Ошондон эл арасында "Ырыс төрөй берет-Базан чоңойто берет" деген сөз калат. Ал аксиома азыркыга чейин айтылып келет. Бирок, билгендердин көбү кайтыш болуп кеткен соң, азыр бул айтылган сөзгө азыр анча деле маани бербей калышты. Сами абам да фронтовик. Ал деле көп жашады. 101 ге чыгып жарыкчылык менен коштошту. Ал согуштан кийин колхоздо бригадир, кампа башчысы болгон. Көп жылдар чарбанын активдүү колхозчусу болуу менен ардактуу эс алууга чыккан тура. Базан чоң эне да эмгекчил адам эле. Ырыс эжебиз төрөгөн он баланы өзүнүн кан-жанынан чыккандан да ашыкча караганын бүт тууган урук жакшы билет. Буларга кошуп биздин атабызды да беш жашынан мектептин жогорку



Чоң эне тууган уругунун балдары менен

класстарында окуп калган учуруна чейин асыраганын көп жолу баян этkenин кулагым чалып калган. Андан бери деле дээрлик 70 жыл убакыт өтүп кеткенин карабайсыңбы? Мезгил учкан куш деген ушул окшойт. Колхоз турмушундагы чарбалык түйшүктүү күндөр жаш наристе балдарды асыроо, чоңойтуу сыяктуу нечен уйкусуз түндөр Базан эненин жүрөгүнүн түпкүрүндө уяланганын бир өзүнөн башка ким билмек эле. Кийин Мамасали атабыз өз үйүнө келген экен. Ошондон бери көзү өткөнчө Базан чоң энебизди дайыма сый-урматтап жүрдү.Биз балдары Базан чоң энебизди атабыз кандай урмат менен сыйласа азыр да ошондой сый көрсөтүүгө, карыгандагы өмүрүнүн сыйлуу өтүүсүнө дайыма дилгирбиз. Бир жагы атамды бала кезинде карагандыгын, асырагандыгын урматтайбыз. Бир жагы карыган жежебизди алла талланын ыразычылыгы үчүн 2019-жылдан атамдын жылдыгынан кийин атам Мамасалинин үйүнө алып келип карап келебиз.

Көрсө баары жөн жерден болбойт тура. Базан чоң энебиздин учурдагы жашоо шарты жакшы. Мээнетти жашында кылган экен. Кудай пендесине ушунча жаш берип жатканын карабайсызбы. Атам тирүү кезинде биздин үйгө эле келип албайсызбы деп көп айтчу. Базан чоң жэжем көпкө ойлоно көзүнө жаш алчу. Көргөн күнүнө ыраазы болгону менен көзүндө армандуу жашоо бар экени сезилчү. Анан ойлоп коем. Атамдын кайтыш болгону бу кишиге да кыйын болгон окшойт деп.

Анан бир жолу жанында олтуруп кайрылып калдым. Көп жашадыңыз? Арманыңыз болбосо керек деп колдорун ушалап берип жатып. Көпкө ойлонду. Көзүнө жаш тегеренди. Терең улутунуп алган соң арыба деди. Айтаарым канча жакындарым кайтыш болду бирөөнө да куран окута албадым. Анан мага карап атаң Масадан башка эч ким айылчылатпаганы. –деди да терең дем алып, самолетко түшө элегин айтты. Ошондон соң, апам Пашакан, жежем Ажар, карындашым Миргүл, инилерим Адилет, Акыл болуп эжебиздин арманын аткаралы деп ошол атам кайтыш болгондон кийин дайыма самолетко салып Бишкекке тойлорго, жерлерди көрсөтүп көп жолу алып барып, алып келип жүрөбүз. Ошондогу самолеттун иллюминаторунан булуттарга, жерге асмандан көз чаптыра сүйүнгөнүн айтып жеткирүү мен үчүн өтө кыйынга турат.

Азыр айтканын жасайбыз. Жакшылык, жамандыктан калтырбай туугандардын аш-тойлорунда көз көрсөтүп келебиз. Кара-Кулжа-Ош-Өзгөн-Бишкек шаарларындагы жакшы тамактануучу жерлерден даам сыздырабыз. Өзгөчө беш бармак, лагман менен самсы тамагын жакшы көрөт. Анан ооруканага алып барып маал маалы менен көрсөтүп, үйдөлечение жасатып турабыз. Кары адамды кароо кыйынга турaары белгилүү да. Жаш баладай эле кароодо камкордукта. Эми ушул атама боор тарткан Базан эжебизди караганыбыздын сообу, батасы тийсин деп апам Пашакан, жежем Ажар, карындашым Миргүл, инилерим Адилет, Акыл уулдарым Нуржигит, Нурсултан, Бексултан, кыздарым Акчолпон, Таңсулуу, Асылай болуп эжебиздин өмүрүн тилеп дайыма кашындабыз. 103 жашка чыккан Базан эжемди 5-6 жылдан бери карап жаткан апам эже карындаш инилериме үй-бүлөмө ыраазымын. Базан эжем Ыраазы болуп батасын берип турат. Алла-таала ыраазы болсун.

**Уланбек Мокеев,**
**Кара-Кулжа районү,**
**Р. Абдыкадыров**
**атындагы айыл аймагы.**

# Милдеттүү медициналык камсыздандыруу Мамлекеттик кепилдиктер программасынын шарттары

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДАРЫН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРДЫК ЖАРДАМ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК КЕПИЛДИКТЕР ПРОГРАММАСЫНЫН ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ**

Мамлекет тарабынан Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасы кабыл алынган.

МАМЛЕКЕТТИК КЕПИЛДИКТЕР ПРОГРАММАСЫ (мындан ары- МКП)- бул Кыргыз Республикасынын жарандарына медициналык-санитардык жардам берүүнүн кепилденген көлөмүн, түрлөрүн жана шарттарын аныктайт. Мамлекеттик кепилдиктер программасы (МКП) Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (ММКФ) тарабынан иш жүзүнө ашырылат.

Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча медициналык жана фармацевтикалык кызматтар Мамлекеттик кепилдиктер программасын жана ММКнын кошумча программасын аткарууга ММК Фондунун аймактык башкармалыктары менен келишим түзүшкөн саламаттыкты сактоо уюмдары жана дарыкана мекемелери тарабынан көрсөтүлөт.

**МКП медициналык-санитардык жардамдын төмөнкү түрлөрүн камсыз кылат:**

- медициналык шашылыш жардам;
- алгачкы медициналык-санитардык жардам;
- амбулаториялык шартта адистештирилген медициналык жардам;
- стоматологиялык жардам;
- стационардык жардам;
- дары, вакцина менен камсыздоо жана иммундук алдын алуу.

Шашылыш медициналык жардам: бейтаптарга жашоо көрсөткүчтөрү боюнча тез медициналык кийлигишүү талап кылынган акыбалда (кырсык, кокустук, уулануу, башка ооруларда жана оор акыбалында)

- шашылыш медициналык жардам кызматы (103 кызматы);
- менчигинин түрүнө карабай саламаттык сактоо уюмдарына кайрылганда

Медициналык шашылыш жардам Кыргыз Республикасынын бардык жарандарына АКЫСЫЗ көрсөтүлөт.

**Амбулатордук деңгээлде медициналык кызмат көрсөтүүнүн шарттары:**

дарыгердин жолдомосу боюнча бардык катталган калкка 12 базалык изилдөөлөр АКЫСЫЗ жүргүзүлөт:

-кандын жалпы анализи;
-зааранын жалпы анализи жана зааранын тунмасынын микроскопиясы;
-уретралдык мазоктун микроскопиясы;
-вагиналдык мазоктун микроскопиясы;
-какырык анализи (мазок микроскопиясы);
-кандагы кантты аныктоо;
-заарадагы кантты аныктоо;
-кандагы холестеринди аныктоо;
-электрокардиограмма;
-кандагы гликирленген гемоглобинди аныктоо (кант диабети менен ооруган бейтаптарга - жылына 1 жолу);
-Грам боюнча түсүн өзгөртүү методу менен бактериурияга зааранын анализи (кош бойлуу аялдарга биринчи үч айлыкта);
-18 жашка чейинки балдардын көзүнүн көрүүсүн аныктоо.

